Жалал-Абад облустук юстиция башкармалыгы
30-ноябрь 2022- жылы
мамлекеттик кайра каттоодон өткөрдү
Күбөлүктүн сериясы жана номери 0053153
Алгачкы каттоо күнү 02.10.2003.
Управление юстиции Жалал-Абадской области
30-ноября 2022 года
произвело государственную перерегистрацию юридического лица
серия и номер свидетельства 0053153
Дата первичной регистрации 02.10.2003.

"БЕКИТЕМИН"
Таш-Көмүр шаардык мэриясы
__________
2022-ж. «18» 09

"МАКУЛДАШЫЛДЫ"
Таш-Көмүр шаарынын
Билим берүү бөлүмү
__________
2022-ж. «____»_________

# *"№ 10 А. Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби"*

**мекемесинин**

# УСТАВЫ

## 1.Жалпы жоболор

1. "№ 10 А. Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби" Мекемеси (мындан ары – "мекеме") муниципалдык жалпы билим берүү уюму болуп саналат жана өз ишин Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине, "Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына, Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары жөнүндө Типтүү жобого жана башка ченемдик укуктук актыларга, ошондой эле ушул Уставга ылайык жүзөгө ашырат.
2. Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Таш-Көмүр шаарындагы Шералы Сыдыков көчөсүндөгү, 24 үй дарегинде жайгашкан «Таш-Көмүр шаардык мэриясы» мекемеси Мекеменин уюштуруучусу болуп саналат, ал 2017-жылдын 17-февралында Жалал-Абад облусунун юстиция башкармалыгында кайра каттоодон өткөн (№ 90705-3303-е, ИНН 00205200110239, 4078223 ОКПО коду).
3. Уюштуруу-укуктук формасы - Мекеме.
4. Менчик формасы-муниципалдык. Мекеменин иштөө мөөнөтү чектелбейт.
5. Толук фирмалык аталышы:
- мамлекеттик тилде: "№ 10 А. Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби" мекемеси;
- расмий тилде: Учреждение "Средняя общеобразовательная школа № 10 имени А. Осмонова".
Кыскартылган фирмалык аталыш:
- мамлекеттик тилде: "№ 10 А. Осмонов а. ЖББОМ" М-си;
- расмий тилде: У-е "СОШ № 10 им. А. Осмонова".
6. Мекеменин жайгашкан жери (юридикалык дареги): Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад облусу, Таш-Көмүр шаары, Шамалды-Сай шаарчасы, Панфилов көчөсү, 1А.
7. Мекеме өз алдынча юридикалык жак болуп саналат, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби түшүрүлгөн мөөрү, мамлекеттик жана расмий тилдерде өзүнүн аталышы жазылган штамптары жана бланктары болот. Мөөр Мекеменин директорунун сактоосунда турат.
8. Мекеме өзүнүн атынан өзүнүн ишинин максаттарына ылайык келишимдерди түзө алат, мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктарды сатып алат жана жүзөгө ашырат, милдеттерди аткарат, сотто доогер жана жоопкер боло алат.
9. Мекеменин Кыргыз Республикасынын финансы-кредиттик мекемелеринде, ошондой эле чет өлкөлөрдө эсептешүү, валюталык жана башка эсептери болушу мүмкүн.
10. Мекеме Кыргыз Республикасында жана анын чегинен тышкары жерлерде филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү ача алат. Мекеме өзүнүн уставынын негизинде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштеген

ассоциациялардын, комплекстердин, бирикмелердин жана бирликтердин курамына кире алат.

## 2. Мекеменин ишинин максаттары жана милдеттери

11. Мекеменин негизги максаттары болуп балага сапаттуу мектептик билим берүү, ошондой эле мамлекеттик билим берүү стандарттарын өздөштүрүүнүн жана турмуштук компетенцияларга жетишүүнүн негизинде окуп жаткандардын жалпы инсандык маданиятын калыптандыруу, кесиптик билим берүү программаларын аң-сезимдүү тандоо жана андан ары өздөштүрүү үчүн негиз түзүү, жарандыкка тарбиялоо, адамдын укуктарын жана эркиндиктерин урматтоо, толеранттуулук, Мекенди, үй-бүлөнү жана айлана-чөйрөнү урматтоо, эмгекчилдик, сергек жашоо образын калыптандыруу саналат.
12. Мекеме инсандын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгында окуп жаткандарды окутууну жана тарбиялоону жүзөгө ашырат, ден соолукту коргоону жана инсанды ар тараптуу өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүнү, анын ичинде өз алдынча билим алууга жана кошумча билим алууга болгон муктаждыкты канааттандырууну камсыз кылат.
13. Мекеме өзүнүн максаттарын жана милдеттерин жүзөгө ашыруу максатында иштин төмөнкүдөй түрлөрүн жүзөгө ашырат:
- мектепке чейинки даярдоо;
- жалпы башталгыч билим берүү;
- жалпы негизги билим берүү;
- жалпы орто билим берүү;
- мектептик билим берүү чөйрөсүндө кошумча билим берүү: башталгыч мектептин окуучулары үчүн сабактарга даярдоо; предметтерди терең үйрөнүү ж. б.;
- социалдык иш, анын ичинде балдардын эс алуусун уюштуруу, балдарды кароо жана багуу (узартылган топ);
- билим берүү кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча иштерди уюштуруу;
-тыштан адистерди жана ыктыярчыларды тартуу менен жайкы балдар лагерлерин, семинарларды, конференцияларды, олимпиадаларды, анын ичинде эл аралык олимпиадаларды, тренингдерди, тегерек столдорду, пресс-конференцияларды уюштуруу;
-Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген концерттерди, көргөзмө-сатууларды жана башка кайрымдуулук иш-чараларын уюштуруу;
- педагогика көйгөйлөрү жана мектепте окууга байланыштуу башка көйгөйлөр боюнча консультациялык жана маалыматтык кызматтарды көрсөтүү;
- ушул Уставда каралган максаттарга жетүү үчүн зарыл болгон башка иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү.
14. Баштапкы жалпы билим берүүнүн милдеттери болуп окуучуларды окутуу, тарбиялоо жана өнүктүрүү, алардын жалпы окуу көндүмдөрүн жана окуу, жазуу жана эсептөө көндүмдөрүн, логикалык ой жүгүртүүнүн элементтерин жана таанып-билүү иш-аракеттеринин ыкмаларын, жөнөкөй өзүн-өзү билим

берүү жана өзүн-өзү уюштуруу көндүмдөрүн, жүрүм-турум жана сүйлөө маданиятын, жеке гигиенанын жана сергек жашоо образынын негиздерин өздөштүрүү саналат. Жалпы башталгыч билим берүү негизги жалпы билим алуу үчүн негиз болуп саналат.
15. Негизги жалпы билим берүүнүн милдеттери болуп окуучулардын социалдык өзүн-өзү аныктоого, өзүн-өзү ишке ашырууга жана өзүн-өзү башкара билүүгө болгон каалоосун жана компетенттүүлүгүн өнүктүрүү үчүн аларды тарбиялоо, калыптандыруу жана уюштуруу саналат. Негизги жалпы билим берүү орто жалпы билим берүү, башталгыч жана орто кесиптик билим берүү үчүн негиз болуп саналат.
16. Жалпы орто билим берүү жалпы билим берүүгө даярдоонун жыйынтыктоочу этабы болуп саналат жана окуучулардын туруктуу компетенцияларынын жана чыгармачылык жөндөмдөрүнүн өнүгүшүн, руханий, адеп-ахлактык жана маданий баалуулуктар жөнүндө түшүнүктөрдү, ошондой эле окутууну дифференциациялоонун жана кесипти же эмгек ишмердигин аң-сезимдүү тандоого даярдыктын негизинде өз алдынча окуу ишинин көндүмдөрүн калыптандырууну камсыз кылат.
17. Жалпы орто билим берүү башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча окууну улантуу үчүн негиз болуп саналат.
18. Мекеме беш жылда бир жолудан кем эмес мыйзамдарда белгиленген тартипте мамлекеттик аккредитациядан өтөт. Мамлекеттик аккредитация Мекемеге билим берүүнүн 2 жана 3-баскычтарын аяктаган окуучуларга билим деңгээлин тастыктаган мамлекеттик үлгүдөгү документти (күбөлүк/аттестат) берүүгө укук берет.

## 3. Билим берүү процессин уюштуруу

19. Окуучуларды кабыл алуу ата-энесинин арызы боюнча жүргүзүлөт.
20. Балдарды конкурстук негизде кабыл алууга жол берилбейт.
21. Мекеме билим берүү процессин мектептик билим берүүнүн төмөнкүдөй үч баскычындагы негизги жалпы билим берүү программаларынын деңгээлине ылайык жүзөгө ашырат:

- жалпы башталгыч билим берүү: 1-4-класстар (окуунун ченемдик мөөнөтү - 4 жыл);
- негизги жалпы билим берүү: 5-9-класстар (окуунун ченемдик мөөнөтү - 5 жыл).
- орто жалпы билим берүү: 10-11-класстар (окуунун ченемдик мөөнөтү - 2 жыл).

22. Мекемеге кирүү курагы 6-7 жашты түзөт, ар бир класста окуунун узактыгы - бир окуу жылынан кем эмес. Мекемеде мектепке чейинки даярдоо класстары уюштурулган.
23. *Балдарды окутуунун биринчи баскычына кабыл алууда окуучунун ата-энеси (аларды алмаштыруучу адамдар) тарабынан төмөнкүдөй документтер берилет:*
- ата-энелердин (аларды алмаштыруучу адамдардын) арызы;

- баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн көчүрмөсү;
- ата-энесинин биринин паспортунун көчүрмөсү;
- медициналык документтер (№ 63 жана 26-форма).

24. *Балдарды окутуунун экинчи баскычына кабыл алууда, башка жалпы билим берүүчү уюмдардан келип түшкөн учурда төмөнкүдөй документтер берилет:*
- ата-энелердин (аларды алмаштыруучу адамдардын) арызы;
- баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн көчүрмөсү;
- ата-энесинин биринин паспортунун көчүрмөсү;
- медициналык документтер (№ 63 жана 26-форма).
- класстар боюнча жыйынтыктоочу бааларды көрсөтүү менен мурунку окуган жеринен маалымкат;
- өздүк иш.

25. *Балдарды окутуунун үчүнчү баскычына кабыл алууда, башка жалпы билим берүүчү уюмдардан келип түшкөн учурда төмөнкүдөй документтер берилет:*
- ата-энелердин (аларды алмаштыруучу адамдардын) арызы;
- баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн (паспортунун) көчүрмөсү;
- ата-энесинин биринин паспортунун көчүрмөсү;
- медициналык документтер (№ 63 жана 26 форма).
- класстар боюнча жыйынтыктоочу бааларды көрсөтүү менен мурунку окуган жеринен маалымкат;
- өздүк иш;
- жалпы негизги билим алгандыгын тастыктаган документ (күбөлүк).

26. Балдарды Мекемеге кабыл алууда Мекеме ата-энелерди (аларды алмаштыруучу адамдарды) Устав, билим берүү ишин жүзөгө ашырууга лицензия жана билим берүү процессин уюштурууну жөнгө салуучу башка документтер менен тааныштырууга милдеттүү.

27. Мекеме менен ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) ортосундагы өз ара аракеттенүү балдарды тарбиялоо, окутуу жана өнүктүрүү процессинде келип чыккан тараптардын өз ара укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчилигин, баланын Мекемеде болуу узактыгын камтыган келишим (мындан ары-ата-энелер келишими) менен жөнгө салынат.

28. Баланы Мекемеден чыгаруу төмөнкүдөй негиздер боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн:
- ата-энесинин (аларды алмаштыруучу адамдардын) арызы боюнча;
- ата-энелер келишиминин колдонуу мөөнөтү аяктаганда;
- ата-энелер тарабынан ата-энелер келишиминин шарттары бузулгандыгы үчүн.

29. Мекемедеги тартип окуучулардын жана Мекеменин кызматкерлеринин адамдык кадыр-баркын урматтоонун негизинде сакталат. Тарбиялануучуларга карата дене-бойлук жана психикалык зомбулук ыкмаларын колдонууга жол берилбейт.

30. Балдардын тамактануусун уюштуруу жана жоопкерчилик Мекеменин директоруна жүктөлөт.

31. Балдарды медициналык жактан тейлөө штаттык дарыгер тарабынан камсыз кылынат, ал администрация менен катар балдардын ден соолугу жана

дене-бойлук өнүгүүсү, дарылоо-алдын алуу иш-чараларын жүргүзүү, санитардык-гигиеналык ченемдерди сактоо, тамак-аштын режими жана сапаты үчүн жооп берет.

32. Педагогикалык кызматкерлер жана мекеменин башка кызматкерлери жылына 1 жолу мезгил-мезгили менен медициналык кароодон өтүшөт.

33. Мекеме ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык негизги жалпы билим берүү программаларынан тышкары, кошумча билим берүү программаларын жана кошумча билим берүү кызматтарын ишке ашырат.

34. Мекемеде кошумча билим берүү программалары жана кошумча билим берүү кызматтары окуп жаткандардын жана алардын ата-энелеринин (аларды алмаштыруучу адамдардын) макулдугу менен жүргүзүлөт.

35. Мурунку деңгээлдеги жалпы билим берүү программасын өздөштүрбөгөн окуучуларга билим берүүнүн кийинки баскычында окууга жол берилбейт.

36. Жалпы негизги билим берүүнүн билим берүү программаларын өздөштүрүү бүтүрүүчүлөрдү милдеттүү жыйынтыктоочу аттестациялоо менен аяктайт. Жыйынтыктоочу аттестация Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген жыйынтыктоочу аттестация жөнүндө жобого ылайык жүзөгө ашырылат.

37. Мекеме баалоо системасын, окутуунун жана тарбиялоонун формаларын, каражаттарын жана методикаларын, ошондой эле окуп жаткандардын которуу экзамендеринин мезгилдүүлүк тартибин жана формаларын тандоодо Кыргыз Республикасынын тиешелүү ченемдик укуктук актысын жетекчиликке алат.

38. Мектептик билим берүү чөйрөсүндөгү билим берүү процесси Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыккан Базистик окуу планынын негизинде өз алдынча иштелип чыгуучу окуу планынын негизинде жүргүзүлөт.

39. Окуу программасы жыл сайын аймактык (райондук) билим берүү бөлүмү менен макулдашылат.

40. Окуучулардын окуу жүктөмү жол берилген жүктөмдүн ченемдеринен ашпоого жана колдонуудагы мыйзамдарга ылайык Предметтерди окутууга окуу пландарында бөлүнгөн сааттардын санынан төмөн болбоого тийиш.

41. Жылдык тарбиялык иштердин планы, окуучулардын сабак өтүү режими Мекеменин директору тарабынан өз алдынча бекитилет.

42. Мектепте билим берүүнүн 1-2-3-баскычындагы окуу жылынын узактыгы, мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация мезгилин эске албаганда, 34 жумадан кем эмес, ал эми биринчи класста - 33 жуманы түзөт.

43. Окуу жылынын ичинде каникулдун узактыгы 30 календардык күндөн кем эмес, жайында - 14 календардык жумадан кем эмести түзөт. Биринчи класстын окуучулары үчүн окуу жылында кошумча бир жумалык каникулдар белгиленет.

44. Мекеменин биринчи классындагы сабактардын узактыгы 40 - мүнөт, экинчи класстан он биринчи класска чейин 45 мүнөттү түзөт.

45. Мекемедеги билим берүү процесси кыргыз тилинде жүргүзүлөт. Педагогикалык курамы бар болсо, аймактык билим берүү бөлүмүнүн

уруксатынын негизинде жана ата-энелердин каалоосу боюнча окутуу орус тилинде да класстар ачылышы мүмкүн. Чет тилин үйрөнүү Мекеменин Базалык окуу планынын негизинде Окуу планына киргизилет.

46. Айрым мектеп предметтерин ата-энелердин каалоосу боюнча жана акы төлөө негизинде кошумча окуу каралган.

47. Класстардын толукталышы жана саны алардын чектүү толукталышы Мекеменин директору тарабынан санитардык-эпидемиологиялык ченемдерди эске алуу менен бекитилет.

48. Окуучулар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган жана медициналык ченемдерге ылайык директор тарабынан бекитилген ченемдерден кем эмес жаш курагына жана болуу убактысына ылайык кепилденген балансталган тамак-аш менен камсыз кылынат.

## 4. Билим берүү процессинин катышуучулары. Мекеменин кызматкерлери

49. Мекемеде билим берүү процессинин катышуучулары болуп окуучулар, алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү), Мекеменин педагогикалык кызматкерлери саналат.

50. Катышуучулардын өз ара мамилелери кызматташуунун, инсанды урматтоонун, жалпы адамзаттык баалуулуктардын артыкчылыгынын негизинде түзүлөт.

51. Мекеме менен ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) ортосундагы мамиле алардын ортосундагы келишим менен жөнгө салынат, ал тараптардын мыйзамда белгиленген укуктарын чектей албайт.

52. *Окуучуга төмөнкүдөй кепилдиктер берилет*:

1) Мекемеде болгон мезгилде адамдын өмүрүн коргоо жана ден соолугун чыңдоо;

2) дене-бойлук, психикалык зомбулуктун бардык түрлөрүнөн коргоо;

3) анын кадыр-баркын коргоо;

4) эмоционалдык-инсандык байланыштын муктаждыктарын канааттандыруу;

5) физиологиялык муктаждыктарды анын жашына жана өнүгүүнүн жеке өзгөчөлүктөрүнө жараша канааттандыруу;

6) анын чыгармачылыгын жана кызыкчылыктарын өнүктүрүү;

7) билим алуу үчүн зарыл болгон жабдууларды, окуу китептерин, окуу куралдарын берүү.

*Окуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:*

1) окутуунун кандай гана этабы болбосун Мекемеге кирүүгө/чыгууга жана билим алуу формасын тандоого;

2) кошумча билим берүү кызматтарын алууга;

3) Мекеменин китепканалык, маданий-спорттук жана өндүрүштүк базаларын пайдаланууга;

4) Мекемени башкарууга анын уставында аныкталган формада катышууга;

5) балдар уюмунун ишин уюштурууга жана ага катышууга;

6) адамдын кадыр-баркын жана абийир менен маалымат эркиндигин урматтоого, өз көз караштарын жана ишенимдерин эркин билдирүүгө;
7) негизги жалпы жана жалпы орто билим аяктагандан кийин мамлекеттик үлгүдөгү билими жөнүндө документтерди өз убагында алууга.

*Окуучулар төмөнкүлөргө милдеттүү:*

1) Мекеменин Уставын сактоого жана аткарууга;
2) жалпы билим берүү программаларын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинен төмөн эмес өздөштүрүүгө;
3) кыргыз жана Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган башка элдердин салттарын, Мекеменин башка окуучуларынын жана кызматкерлеринин ар-намысын жана кадыр-баркын сыйлоого;
4) ички тартип эрежелерин, анын ичинде мектеп кийимине карата Мекеменин талаптарын аткарууга;
5) Мекеменин мүлкүнө аяр мамиле жасоого.

53. *Ата-энелер (аларды алмаштыруучу адамдар) төмөнкүлөргө укуктуу:*

1) Мекемеде ишке ашырылуучу кошумча билим берүү программаларынын ичинен билим берүү программасын тандоого;
2) баланын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого;
3) Мекемени анын Уставында аныкталган формада башкарууга катышууга;
4) балдар менен иштөөнү жакшыртуу, анын ичинде кошумча билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн уюштуруу боюнча сунуштарды киргизүүгө;
5) баланы тарбиялоо, окутуу жана өнүктүрүү маселелери боюнча Мекеменин педагогикалык кызматкерлеринен консультацияларды алууга;
6) ата-энелер келишимин мөөнөтүнөн мурда бузууга;
7) Мекеменин Уставы жана билим берүү процессин уюштурууну жөнгө салуучу башка документтер, анын ичинде Мекеменин ички тартибинин эрежелери ж.б. менен таанышууга;
8) Мекемеге анын Уставдык милдеттерин ишке ашырууда колдон келишинче жардам көрсөтүүгө.

*Ата-энелер (аларды алмаштыруучу адамдар) төмөнкүлөргө милдеттүү:*

1) Мекеменин Уставын аткарууга;
2) ата-энелер келишиминин шарттарын сактоого;
3)Мекеменин кызматкерлеринин эмгегин жана укуктарын сыйлоого, алардын кадыр-баркын колдоого;
4) Мекемеге окуучу жөнүндө маалыматты өз убагында берүүгө.

54. Мекеме кадрларды тандоодо, жумушка кабыл алууда жана жайгаштырууда өз алдынча болот жана алардын квалификациясынын деңгээли үчүн жоопкерчилик тартат. Мекеменин персоналын комплектөө штаттык ырааттамага ылайык мыйзамдарда каралган тартипте жүзөгө ашырылат.

55. Мекеменин кызматкерлери үчүн бул мекеме иш берүүчү болуп саналат. Мекеме менен анын кызматкерлеринин ортосундагы эмгек мамилелери Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык алар тарабынан түзүлгөн эмгек келишиминин негизинде келип чыгат.

56. Педагогикалык ишке билими жана (же) квалификация деңгээли жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтер менен ырасталган билим берүү

кызматкерлеринин кызматы жана алган адистиги боюнча квалификациялык мүнөздөмөнүн талаптарына ылайык зарыл болгон кесиптик-педагогикалык квалификациясы бар адамдар кабыл алынат.

57. Мекемеде педагогикалык ишке соттолгондугу же алардын тизмеги Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган медициналык каршы көрсөтмөлөрү бар адамдарга уруксат берилбейт.

58. *Мекеменин кызматкерлери төмөнкүлөргө укуктуу:*

1) Устав менен аныкталуучу тартипте Мекемени башкарууга катышууга;
2) өзүнүн кесиптик ар-намысын, кадыр-баркын жана ишкердик беделин коргоого;
3) ченемдүү жана коопсуз эмгек шарттарына, өзгөчө кырдаалдар учурунда коргоого;
4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка укуктарга.

*Мекеменин кызматкерлери төмөнкүлөргө милдеттүү:*

1) тиешелүү билим деңгээли жана (же) квалификациясы жөнүндө документтер менен ырасталган кызмат орду жана алган адистиги боюнча квалификациялык мүнөздөмөнүн талаптарына ылайык зарыл болгон кесиптик билимге, квалификацияга ээ болууга;
2) Мекеменин Уставын жана ички эмгек тартибинин эрежелерин аткарууга;
3) эмгек келишиминин шарттарын аткарууга;
4) эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасы боюнча кызматтык милдеттерди аткарууга;
5) билим берүү процессинде балдардын өмүрүн жана ден соолугун коргоого;
6) балдарды дене-бойлук жана психикалык зомбулуктун бардык түрлөрүнөн коргоого;
7) балдарды тарбиялоо жана окутуу маселелери боюнча үй-бүлө менен кызматташууга.

59. *Мекеменин педагогикалык кызматкерлери төмөнкүлөргө укуктуу*:

1) окутуу жана тарбиялоо методикасын, жалпы билим берүү программасын, окуу-методикалык комплектти, окуп жаткандардын билимин баалоо методикаларын өз алдынча тандоого жана пайдаланууга;
2) мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, окутуунун жана тарбиялоонун методикасынын негизинде автордук жалпы билим берүү программасын, окуу китебин жана окуу-методикалык колдонмону иштеп чыгууга жана пайдаланууга;
3) алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны практикага киргизүүгө;
4) кошумча кесиптик билим берүү программасынын мазмунун минимумга карата мамлекеттик талаптарга жана билим берүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ченемдик-укуктук жөнгө салуу боюнча иш-милдеттерди жүзөгө ашыруучу педагогикалык кызматкерлердин кесиптик кайра даярдоо деңгээлине ылайык беш жылда бир жолудан кем эмес кесиптик кайра даярдоодон же квалификациясын жогорулатуудан өтүүгө.

*Мекеменин педагогикалык кызматкерлери төмөнкүлөргө милдеттүү:*

1) педагогикалык этиканын ченемдерин жана Мекеменин Уставын сактоого жана аткарууга;
2) окуучулардын жалпы билим берүү программаларын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде өздөштүрүүсүн камсыз кылууга;
3) өз алдынчалыкты, ишке карата чыгармачылык мамилени өнүктүрүүгө, окуучулардын жүрүм-турумунун жогорку адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга;
4) кызматтын квалификациялык талаптарына ылайык келүүгө;
5) өзүнүн кесиптик деңгээлин дайыма өркүндөтүп, квалификациясын жогорулатып турууга;
6) окуучуларга карата моралдык жана дене-бойлук зомбулук ыкмаларды колдонбоого.

60. Мекеменин ишине учурдагы жетекчилик белгиленген компетенциянын чегинде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык директор тарабынан жүзөгө ашырылат.
61. Жогорку башкаруу органы болуп Уюштуруучу саналат, Мекемедеги өз алдынча башкаруунун формалары болуп Жалпы чогулуш, Педагогикалык кеңеш, Методикалык кеңеш жана Камкорчулук кеңеши саналат.
62. Мекемеге түздөн-түз жетекчилик Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Уюштуруучу тарабынан кызматка дайындалуучу жана бошотулуучу Директор тарабынан жүзөгө ашырылат.
63. Мекеменин директорун кызматка дайындоо, ротациялоо жана кызматтан бошотуу Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык жүргүзүлөт.
64. Мекеменин Директору:
- Кыргыз Республикасынын Конституциясын, “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамын, балдарга билим берүү жана аларды коргоо жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларды сактайт жана аткарат;
- педагогикалык кеңеш менен биргеликте Мекеменин негизги өнүгүү багыттарын Уюштуруучу менен макулдашуу боюнча аныктайт жана ишке ашырат;
- административдик-аткаруу органдарда жана башка уюмдарда Мекеменин укуктарын коргойт жана таламдарын талашат;
- Мекеменин мугалимдерин жана техникалык персоналын кабыл алууну жана жайгаштырууну, педагогикалык кеңештин ишине жетекчилик кылууну жүзөгө ашырат;
- класстан тышкаркы иштин мазмуну аркылуу тарбиялануучулар менен тарбия иштерин камсыз кылат жана контролдойт;
- Мекеменин кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу жана кесиптик өсүшү үчүн шарттарды түзөт;
- балалыкты коргоо, жашы жете электердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча талаптарды контролдойт жана сактайт;
- Мекеменин финансылык-чарбалык ишин жетектейт жана контролдойт;
- гранттардын жана инвестициялардын, ата-энелердин ыктыярдуу салымдарынын натыйжалуу пайдаланылышын контролдойт жана жеке

жоопкерчилик тартат;
- жооптуу болот, материалдык-техникалык базаны эсепке алууну жана сактоону, коопсуздук техникасынын жана санитардык-гигиеналык режимдин, Мекеменин тарбиялануучуларынын жана кызматкерлеринин эмгегин коргоонун талаптарын сактоону камсыз кылат жана алар боюнча жоопкерчилик тартат;
- Мекемедеги өрткө каршы коопсуздук үчүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык окуу убагында тарбиялануучулардын жана кызматкерлердин өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирген учурлардын күнөөсүнүн даражасына жана оордугуна жараша жекече тартиптик, административдик жана кылмыш-жаза жоопкерчиликтерин тартат;
- кызматкерлерге эмгек акы төлөө жана сыйлоо жөнүндө ички жобону бекитет;
- насыяларды тескөөчү болуп саналат жана эсептешүү жана финансылык документтерге биринчи кол коюуга укуктуу;
- бюджеттик жана атайын каражаттар боюнча чыгымдардын сметасын бекитет;
- чыгымдардын сметасынын аткарылышы жөнүндө балансты жана отчетторду бекитет жана кол коет;
- чыгымдардын бекитилген сметаларына ылайык Мекеменин каражаттардын максаттуу пайдаланылышына, өз убагында жана толук каржыланышына контролду жүзөгө ашырат;
- кызматтык милдеттерине жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.
65. Мекеменин директору мамлекеттин, коомдун жана Уюштуруучунун алдында өзүнүн иши үчүн Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында жана ушул Уставда каралган өзүнүн иш-милдеттерине ылайык жеке жоопкерчилик тартат.
66. Мекеменин кызматкерлери жана директору өз милдеттерин ак ниетсиз аткарган учурда (тарбиячылар менен баланын ортосунда чыр-чатактуу кырдаалдын келип чыгышына алып келген балдарга карата кара санатайлык мамиле, балдарды кароосуз жалгыз калтыруу, талаптагыдай эмес тарбиялоо, баланын укуктарын бузуу ж.б.) Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык тартип жазалары салынат же эмгек келишими бузулат.
67. Окуу-тарбия процессин өнүктүрүү жана өркүндөтүү, мугалимдердин жана тарбиячылардын кесиптик чеберчилигин жогорулатуу жана чыгармачылык өсүшү максатында Мекемеде Педагогикалык кеңеш - директордун төрагалыгы алдында Мекеменин педагогикалык кызматкерлерин бириктирген коллегиалдуу орган иштейт.
68. Педагогикалык кеңеш:
- Мекеменин кызматкерлеринин отчетторун угат (чейректер, жарым жылдын жана жылдын жыйынтыгы боюнча);
- окуучуларды Мекемеден которуу же чыгаруу маселелери боюнча өтүнүч жөнүндө чечим кабыл алат;

- окуу иш-аракеттерине талдоо жүргүзөт, методикалык кеңештин отчетторун угат;
- тарбиялоонун жана окутуунун жаңы инновациялык ыкмаларын киргизүү маселелерин карайт;
- гуманитардык жана/башка кайрымдуулук жардамдарын бөлүштүрүү маселелерин карайт.

69. Мекеменин педагогикалык кеңеши зарылчылыкка жараша Мекеменин директору тарабынан чакырылат.

70. Көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын, Мекеменин ишинин ачык-айкындуулугун жогорулатууга, ошондой эле Мекемеде бюджеттен тышкаркы каражаттарды натыйжалуу пайдаланууга көмөктөшүү максатында колдонуудагы мыйзамдарга ылайык Камкорчулук кеңеши түзүлөт. Камкорчулук кеңешинин милдеттери жана ыйгарым укуктары мыйзамдарга ылайык иштелип чыккан жободо көрсөтүлөт.

Билим берүүнүн системалуулугу, тарбиялануучуларга баштапкы жана негизги жалпы билим берүүнү жакшыртуу максатында Мекемеде Методикалык кеңеш иш жүргүзөт, ал:

- билим берүүнүн мазмунун, окуу-тарбия иштеринин формаларын, ыкмаларын жана аларды ишке ашыруунун жолдорун талкуулайт жана тандоо жүргүзөт;
- педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу, алардын чыгармачылык демилгелерин өнүктүрүү боюнча иштерди уюштурат;
- класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштерди уюштурат;
- ачык сабактарды уюштурууга жана өткөрүүгө катышат.

71. Мекеменин кызматкерлеринин башка категорияларынын укуктары жана милдеттери тиешелүү типтүү квалификациялык мүнөздөмөлөрү жана Мекеменин жетекчилиги тарабынан аныкталат.

## 5. Каржылоо булактары жана каражаттарды пайдалануу тартиби

72. Мекеменин финансылык каражаттарынын негизги булактары болуп төмөнкүлөр саналат:
- муниципалдык бюджет;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар.

73. Мекемеге жеке жана юридикалык жактар тарабынан алган белек, кайрымдуулук түрүндө же керээз боюнча берилген акча каражаттарына, мүлккө жана башка менчик объектилерине, ошондой эле өз ишинен түшкөн кирешелерге жана бул кирешелерге сатып алынган мүлккө менчик укугу таандык.

74. Мекемеге бекитилип берилген мүлк билим берүүдөн башка максаттарда алып коюлбайт жана (же) ажыратылбайт.

75. Мекеменин алдында белгиленген тартипте көмөкчү чарбалар түзүлүшү мүмкүн. Чарбаларды пайдалануунун ижара ыкмасына жол берилет.

## 6. Эсепке алуу жана отчеттуулук

76. Мекемеде бухгалтердик жана статистикалык эсепке алуу жана отчеттуулукту жүргүзүү тартиби белгиленген тартипте жөнгө салынат. Эсептешүү операциялары төлөм тапшырмалары жана чек китепчелери боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн.
77. Мекеменин отчеттуулугу мамлекеттик статистика органдарынын талаптарына ылайык берилет.
78. Мекеменин документтери Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан аныкталган тартипте жүргүзүлөт.
79. Мекеменин педагогикалык жана башка кызматкерлери, окуучулары жана алардын ата-энелери (аларды алмаштыруучу адамдар) мыйзамдарга ылайык Мекеменин имараттарынын жана курулмаларынын, окуу жабдууларынын, инвентарларынын жана башка мүлкүнүн бузулушу үчүн мүлктүк жана финансылык жоопкерчилик тартышат.

## 7. Эл аралык кызматташтык

80. Мекеме чет өлкөлүк ишканалар (мекемелер, уюмдар) менен түз байланыш түзүүгө жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте банктык жана насыялык мекемелерде валюталык эсептерге ээ болууга укуктуу.
81. Мекеме балдарды окутуу маселелери боюнча эс алуу, спартакиадаларга, олимпиадаларга, конференцияларга катышуу үчүн кызматкерлерди жана окуучуларды чет өлкөгө жиберүү үчүн документтерди тандоону, даярдоону жана жол-жоболоштурууну, ошондой эле уруксат берүүчү документтерди (буйрук, тескеме) басып чыгарууну жүзөгө ашырат.

## 8. Ушул Уставга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кабыл алуу

82. Ушул Уставга өзгөртүүлөр жана толуктоолор эмгек жамаатынын жалпы чогулушу тарабынан кабыл алынат, Уюштуруучу тарабынан бекитилет жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте катталат.

## 9. Мекеменин ишин токтотуу

83. Мекеменин иши жоюу же кайра уюштуруу (биригүү, кошулуу, бөлүү, бөлүп чыгаруу, кайра түзүү) түрүндө төмөнкүлөр боюнча токтотулушу мүмкүн:
- Уюштуруучунун чечими;
- соттун чечими;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка жагдайлар боюнча.

84. Эреже катары, окуу жылы аяктагандан кийин жүзөгө ашырылуучу Мекемени жоюу же кайра уюштуруу учурунда, Уюштуруучу окуучуларды

ата-энелери (аларды алмаштыруучу адамдар) менен макулдашуу боюнча башка билим берүү уюмдарына которуу үчүн жоопкерчиликти өзүнө алат.
85. Мекемени кайра уюштуруу жана жоюу Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинде жана "Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.
86. Мекеме кайра уюштурулганда же жоюлганда Мекеменин мүлкү Уюштуруучунун чечими боюнча бөлүштүрүлөт.
87. Мекеме каттоочу орган тарабынан тиешелүү буйрук чыгарылган учурдан тартып жоюлган деп эсептелет.
88. Мекеменин иш процессинде келип чыккан документтер ал жоюлган учурда "Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык сакталат жана пайдаланылат.
89. Ушул Устав 2 (эки) түп нускада түзүлдү.

**Директор** **Ч.Т. Джанышбаева**

**Прошнуровано и пронумеровано на**

14

**листах**

Жалал-Абад облусунун юстиция башкармалыгы
Номерленгени, тигилгени, мөөр басылганы бардыгы 14 (он төрт) баракка
2022-ж. 30 ноября

★ ★ ★ ★ ★ ★ ★ ★ ★ ★ ★ ★ ★ ★

Управление юстиции Жалал-Абадской области
Всего пронумеровано, прошнуровано и скреплено на 14 (четырнадцать) листах
30-ноября 2022 г.